ДОЛБООР

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

## 2018-жылга статистикалык иштердин программасы бекитүү жөнүндө

2018-жылга статистикалык иштердин курамын жана мазмунун аныктоо максатында, «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-статьясына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. 2018-жылга статистикалык иштердин программасы (мындан ары - Программа) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана чарбакер субъекттер мамлекеттик статистиканын тиешелүү органдарына Программада каралган мөөнөттөрдө статистикалык жана административдик маалыматтарды беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети үчүн каралган каражаттардын чегинде, 2018-жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык статистикалык иштерди каржылоону жүргүзсүн.

4. «2016-жылга статистикалык иштердин программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 13-октябрындагы №617 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **С. Жээнбеков**

____________ М. Оморова ________________________ А. Султанов

2017-ж. ____ июну